КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*27.10.2021-жыл.* *№ 7/8* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ VII СЕССИЯСЫНЫН Т О К Т О М У кочурмо**

«Ырыс айыл аймагынын Лавдан-Кара айылындагы Көк-Арт дарыясынын жээгиндеги айыл чарбасына пайдаланууга жараксыз болгон курулуш астындагы жерлерден социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөлөргө турак жай курууга жер тилкесин бекитип берүү жана муниципалдык менчикке алуу жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын 15.07.2011-жылдагы №101-«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамынын 18-беренесине, Жер Кодексинин 4-; 18-; 25-; 27-; 31- жана 32-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.05.2005-жылдагы №177-токтому менен бекитилген «Жеке менчик турак-жай куруу үчүн жер участогун берүүнүн тартиби жөнүндөгү» Жобого негизденип, Ырыс айыл өкмөтүнүн жерге укук берүүчү комиссиясынын 09/08-2021-жылдагы №15-протоколун жана айыл кеңешинин туруктуу комиссияларынын кошмо отурумунун сунушун депутаттар сессияда талкуулап

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Лавдан-Кара айылындагы айыл чарбасына пайдаланууга жараксыз 15,0 га жер аянты, анын ичинен 4,5 га жер тилкесине өндүрүштүк имканаларын курууга жана калган 10,5 га жер тилкесине Ырыс айыл аймагынын жакыр үй бүлөөлөрүнө жана социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөөлөргө турак жай менен камсыз кылууну жүзөгө ашырууга жер тилкесин Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамына ылайык мыйзамдаштырууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун 1-пункуту боюнча айыл өкмөтүнүн адистери тарабынан 15,0 га жер тилкеси менчигинин түрү боюнча такталып, мамлекеттик жана жеке менчик аянттары аныкталгандан калган аянты муниципалдык менчикке алынсын жана Ырыс айыл аймагында жашаган жана социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөөлөргө турак жай жана комокчу чарба куруу үчүн айыл өкмөтү тарабынан болунуп берилсин.

2. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Ырыс айыл аймагынын расмий www.yrys.org.kg сайтына жарыялансын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл кеңешинин төрагасынын орунбасары Н.Аширбаевага милдеттендирилсин.

**Ырыс айыл кеңешинин төрагасы** **Ш.Кадиркулов.**